КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ХАН-ТЕНИРИ

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын
10- сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 28- август** **№ 62** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл аймагында биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун түзүү жөнүндө

Муниципалдык кызматтарды көрсотүү боюнча маалыматтардын ачыктыгын жана жалпыга жеткиликтүүлүгүн арттыруу, жарандарга жана юридикалык жактарга муниципалдык кызматтарды корсөтүүнүн сапатын жакшыртуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 27-декабрындагы №01-25/352 "Жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү жөнүндө Типтүү жобосун бекитүү жөнүндө" буйругу менен бекитилген типтүү жобону жетекчиликке алып, Хан-Тенири айыл аймагында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө биргелешкен мониторинг жана баалоо тобун түзүү үчүн жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. Хан-Тенири айыл аймагында жарандарды жана алардын бирикмелерин тартуу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү жөнүндө жобо 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Хан-Тенири айыл аймагынын биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү тобунун курамы 2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Бул токтом МКК жарыялагандан кийин Ысык-Көл облусттук юстиция башкармалыгына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомду аткарууга алуу Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго, токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Мыйзамдуулук, укук коргоо, депутаттык этика, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча туруктуу комиссияга жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**